# Оштун кечтери

Келдим сырдуу шаарым сага

Сагынычтан кусалана

Теребелди карап суктана

Студенттик күндөр өткөн

Жалындаган түндөр өткөн

Оштун кечтери соңунда

Акбуранын боюнда

Айлуу түндүн койнунда

Түндөр өткөн Ошто соңунда

Сулайман тоо боорунда

Кызыл гүлүм колумда

Күндөр өткөн Ошто соңунда

Оштун кечтери сонунда

Баткан күндүн сырлары

Аткан таңдын нурлары

Кут чачкандай сезилет мага

Бир өзүңдө аруулук бар

Өчпөс тунук береке бар

Алгалай бер Ош алгала

Ар намыска бек болгон

Ат жалындап чоңойгон

Элинин пейили кенен да

Жүрөгүндө ыйманы

Жалын чачып нурлары

Кыздары Оштун сулуу да

Оштун кечтери соңунда

Ордолуу Ош кечтери

Сулайман тоо кечтери

Сагынамын мен сени